**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**
**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

**Д.13.20.623 диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда
УДК 37;378;378.937;398

**НАЖИМИДИНОВА АСЫЛКАН ЭЛЧИЕВНА**

# ЖОЖдордун ПЕДАГОГИКАЛЫК ФАКУЛЬТЕТТЕРИНДЕ БАЛДАР ФОЛЬКЛОРУ АРКЫЛУУ СТУДЕНТТЕРДИН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

13.00.02- окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы
(кыргыз адабияты)

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип
алуу үчүн жазылган диссертациянын

**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

Бишкек – 2021

Диссертациялык иш Баткен мамлекеттик университетинин педагогикалык билим берүү кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи:** **Рысбаев Сулайман Казыбаевич**
педагогика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз билим берүү академиясынын көп тилдүү билим берүү жана адабият лабораториясынын башкы илимий кызматкери

**Расмий оппоненттер:** **Акматов Кыялбек Камутович**
педагогика илимдеринин доктору, доцент
“Кыргызстан “Маариф” коомдук фондунун,
“Маариф” Билим берүү комплекси” мекемесинин директорунун академиялык маселелер боюнча орун басары

**Абдырасулова Элмира Кыдырмаевна**
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент И.К.Ахунбаев атындагы КММАнын кыргыз тили кафедрасынын башчысы

**Жетектөөчү мекеме:** Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин педагогика жана маалымат технологиялар факультетинин башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы кафедрасы.
Дареги: 715600, Жалал-Абад ш., Эркиндик, 57.

Диссертациялык иш 2021-жылдын 30-июнунда, саат 15:00дө И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын педагогикалык илимдердин доктору (кандидаты) жана психология илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.13.20.623 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720023, Бишкек ш., 10-кичирайон, Т.Саманчин көчөсү, 10-а.

Диссертацияны коргоонун жүрүшүн онлайн трансляциянын идентификациялык коду https://vc.vak.kg/b/d13-twl-1v3-x7g.

Диссертация менен Д.13.20.623 диссертациялык кеңеши түзүлгөн И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (дареги Бишкек ш., Раззаков көчөсү, 51), Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (Бишкек ш., Фрунзе көчөсү, 547), Кыргыз билим берүү академиясынын (Бишкек ш., Эркиндик бульвары, 25) китепканаларынан жана http:arabaev.kg/do.kg сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2021-жылдын 28-майында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**педагогика илимдеринин**
**кандидаты, доцент** **Омурбаева Д.К.**

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Азыркы ааламдашуу жана технологиялашуу доорунда билим берүү процессине кыргыз элинин улуттук мурастарын, рухий-адептик баалуулуктарын киргизүү жана аларды өсүп келе жаткан муунга жеткирүү милдеттери алдыга коюлду. Кийинки жаштардын массалык маданияттын агымына өзгөчө тартылышы, туш тараптан кысып келе жаткан, элибиздин менталитетине ылайык келбеген көз караштар болочок муундун көзүн тумандатып, көкүрөгүн сокур кылууну көксөөдө. Билим берүү тармагынын эң башкы милдеттеринин бири - ошол сырттан келген жагымсыз көрүнүштөргө туруштук бере алуучу элдик тарбиянын өзөктүү идеяларын өзүнө сиңдирүү менен жалпы адамзаттык гуманисттик ойлорду кабыл ала билген ар тараптуу инсандын тарбияланышын ишке ашыра билгендигинде. Учурда жаштардагы терс сапаттар күчөп, интернетомания оорусу менен ооруп жаткандыгы жалпы коомдун дарты болуп саналат. Мындай көрүнүштөргө каршы туруу үчүн бирдиктүү мамлекеттик идеологиясынын таасиринин төмөндүгү, мекте - ата-эне - социум байланышынын бекем эместиги, педагогика илимибиздин коомдук күчүнүн жоктогу кадыресе байкалат. «Мына ушундан улам бүгүн эгемендүү Кыргызстан экономиканы көтөрүү озуйпасы менен катар эле, биринчи иретте, коомдун руханий-адептик, ыймандык негиздерин чыңдоонун зарылдыгына келип такалып отурат. Биздин маалыматтуулугубуз, билимдүүлүгүбүз, кесипкөйлүгүбүз, материалдык-экономикалык өнүгүүбүз тунук адеп-ахлак, цивилизациялуу жүрүм-турум, ички рухий маданият менен коштолууга тийиш. Коом, Ата-Мекен деген ар бир атуулдун абийири жана жоопкерчилиги аркылуу гана жакшырары анык болуп калды. Таза ыйман, айкөл рух болсо коомубузда таза башкаруу, таза жаратмандык эмгек, тынчтык, ынтымак жана стабилдүүлүк болмок. Демек, бүгүн биринчи иретте, жарандардын, келечек муундарыбыздын рухий-адептик тарбиясын колго алуу, анын концепциясын, стратегиясын иштеп чыгуу жана аны ишке чегүү өлкөбүздүн масштабындагы кечиктирилгис милдет жана коомубуздун зарыл социалдык муктаждыгы» болуп отурат.

Ушундай мамлекеттик маанилүү ишти турмушка ашыруу үчүн кыргыз элинин этникалык педагогикасындагы улуттук фольклордун ордун, анын идеяларын жогорку окуу жайларында окутууну өркүндөтүүнүн илимий-методикалык негиздерин иштеп чыгуу педагогика илими үчүн өзгөчө актуалдуу болуп эсептелет. Элдик педагогиканын идеяларын пайдалануу тууралуу ойлор Я.А.Коменскийдин «Байыркы чехтердин акылмандыгы», К.Д.Ушинскийдин «Эне тили», «Балдар дүйнөсү» деген эмгектеринде, классикалык педагогдордун (Ш.А.Амонашвили, А.С.Макаренко, И.Г. Песталоцци, Ж.Ж.Руссо, В.А.Сухомлинский, Л.Н.Толстой ж.б.)

окууларында өзгөчө басым жасалуу менен белгиленген. Кыргыз элинин фольклордук чыгармалардагы этнопедагогикалык ойлорду ачып берген этнопедагог окумуштуулар (Р.А.Абдыраимова, Б.А.Апышев, А.А.Алимбеков, А.Аттокуров, Ж.Б.Бешимов, Г.Н.Волков, А.Э.Измайлов, Н.И.Имаева, С.И.Иптаров, А.Ж.Муратов, А.Т.Калдыбаева, Т.Н.Каранова, Ж.И.Койчуманов, М.Р.Рахимова, С.К.Рысбаев, Т.О.Ормонов, М.Х.Манликова, Л.А.Шейман ж.б.) балдар адабиятын изилдөөчүлөр (К.А.Абакиров, К.А.Исаков, Ү.Б.Култаева, А.Сатарова, Г.Орозова ж.б.) ал эми ЖОЖдор үчүн балдар адабияты окуу китептери менен окуу куралдарынын авторлору (М.С.Сулайманов, М.Түлөгабылов, А.Ж.Муратов, К.А.Исаков, С.Рысбаев) тарабынан методологиялык негиз болгон идеяларды андан ары тереңдеттик жана бул маселелерди дагы конкреттештирип, ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу проблемасына багыттадык.

Теориялык жана практикалык жактан ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу маселелери бир топ окумуштуулар жана окутуучулар тарабынан каралганы менен, проблема ырааттуу изилдөөгө алынган эмес, т.а. азыркы кезде жаш муундарды этномаданияттуу инсан катары калыптандырууда элдик тарбиялоого болгон талаптын өсүшү менен аны ишке ашыруунун илимий-методикалык негиздеринин толук аныкталбаган; кыргыз элдик оозеки чыгармаларынын бай мазмуну жана аны азыркы мектеп окуучуларынын билимин, тарбиясын жогорулатууга тартылбаган; балдар фольклору аркылуу ЖОЖдордо студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча иштер илимий-изилдөөгө алынбагандыгы жана окутуучулар үчүн методикалык сунуштардын иштелип чыкпаган. Жогоруда белгиленген абалды чечүү изилдөөнүн **проблемалуулугун** аныктап, темабызды **«ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери»** деп атадык.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар же негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы:** Диссертация “Кыргыз Республикасынын жарандарын жаш муундарын рухий-адептик патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы аттуу нормативдик документтин идеяларын ишке ашыруу жана БатМУнун педагогикалык билим берүү кафедрасынын илимий-изилдөө иштери менен байланышат.

**Изилдөөнүн обьекти:** ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде улуттук балдар фольклорун окуп-үйрөнүү процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде улуттук балдар фольклорун окуп-үйрөнүү аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык проблемалары.

**Изилдөөнүн максаты:** ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун методикасын теориялык жактан негиздөө жана аларды практикага киргизүүнүн жолдорун иштеп чыгуу, иштелип чыккан сунуштардын натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:** ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде улуттук балдар фольклорун окуп-үйрөнүүнүн учурдагы абалын, анын илимий-методикалык адабияттардагы берилишин изилдөө; балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун маанисин, этнопедагогикалык компетенттүүлүктүн дидактикалык мүнөздөмөсүн,студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун формаларын, методдорун жана каражаттарын аныктоо жана аларды практикага киргизүү.

**Изилдөөнүн божомолу:** ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун методикасын өркүндөтүүгө болот, эгерде:

- балдар фольклорун этнопедагогикалык негизге таянып окуп-үйрөнүүнүн методологиялык, педагогикалык, психологиялык жана дидактикалык негиздери туура табылса;
- кыргыз балдар фольклорунун бөтөнчөлүктөрү, темалары, идеялары, поэтикасы окутууда эске алынса;
- кыргыз элинин оозеки адабиятынын балдар темасындагы чыгармалар ошол элдин башынан өткөн тарыхый шарттары, улуттук менталитети, улуттук тили, улуттук психологиясы жана педагогикасы менен байланышта каралса;
- окуп-үйрөнүү ишмердүүлүгүндө салттуулук менен жаңычылыктын катышы натыйжалуу пайдаланылса;
- ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклорун окутуу процессинде студенттердин кызыгуулары, аймактык жана психологиялык өзгөчөлүктөрү эске алынса.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык маанилүүлүгү:**

ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун методикасы заманбап шарттарга ылайык адабият таануу,

педагогика, психология, педагогика илимдеринин соңку жетишкендиктерине негизделип ырааттуу түрдө алгачкы жолу иштелип чыкты; ЖОЖдордо балдар фольклорун окутуу аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун тарыхы, учурдагы абалы, өзгөчөлүктөрү, изилдениши алгачкы жолу атайын максатта анализденди; ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун натыйжалуу методдору, жолдору, каражаттары аныкталды; изилдөөдө аныктаган натыйжалуу методдор, жолдор, каражаттары эксперименттен өткөрүлүп, практикага сунушталды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** Изилдөөнүн жыйынтыктары ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклорун окуп-үйрөнүүдө, аны студенттердин этнопедагогикалык каражат катары изилдеп үйрөнүүсүнө туура багыт берүүдө, аны илимий-методикалык жактан туура уюштурууда; бул багытта студенттерди этнопедагогикалык жактан туура билим-тарбия берүү; ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде кыргыздын улуттук балдар адабиятын окуп-үйрөнүүгө этнопедагогикалык маани берүүдө, анын этнопедагогикалык функциясын туура түшүнүүдө жана бул багыттагы методикалык эмгектерди даярдоодо колдонулат.

**Коргоого төмөнкү жоболор сунушталат:**

- ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу проблемасы өз алдынча методологиялык, методикалык негиздерге ээ жана өзүнүн тарыхый өсүш жолу, эволюциясы, өзгөчөлүктөрү бар;
- Кыргыздын балдар фольклорунун өзөгүндө элдик педагогикалык идеялар сиңирилген жана алар аркылуу учурдагы ЖОЖдордун студенттеринин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруучу мүмкүнчүлүктөр кеңири;
- балдар фольклору аркылуу ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандырууда окуу-усулдук комплекстеринин, окутуу методдорунун жана илимий-педагогикалык-методикалык изилдөөлөрдүн ролу чоң жана биздин изилдөөлөр, андан алынган сунуштар проблеманы чечүүгө негиз боло алат.

**Изилдөөчүнүн жекече салымы** болуп, учурдагы ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде кыргыз балдар фольклорун филологиялык гана максатта эмес, анын өзөгүндө жаткан этнопедагогикалык таалим-тарбия берүүнүн маани-маңызын, функциясын, анын этнопедагогикалык мүнөздөмөсүн тактоо менен, аны жүзөгө ашыруунун формаларын, методдорун, технологиясын аныктагандыгы.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын тастыкталышы:** Изилдөөнүн жүрүшү жана жыйынтыктары 2013-2018-жылдардын арасында Баткен мамлекеттик университетинде, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде жана КББАнын Мамлекеттик, расмий чет тилдер лабораториясында ж.б. окуу жайларында өткөн илимий-практикалык республикалык жана эл аралык конференцияларда, эл аралык симпозиумдарда, жергиликтүү илимий басылмаларда, студенттер менен өткөрүлгөн лекция-семинарларда, тегерек столдордо, сабактарда жайылтылды.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы.** Изилдөөбүздүн темасы боюнча жана анын жыйынтыктары "Этнопедагогикалык сабактардын иштелмеси" жана "Бейиш энелердин таман астында" деген аталыштагы методикалык куралдар, 16 илимий макалада жарыяланды. Анын ичинен 12 республикалык жана 4 макала эл аралык басылмаларда басылып чыкты.

**Изилдөөнүн эксперименталдык базасы:**

**Изилдөөнүн этаптары. Изилдөө иши үч этапта жүргүзүлдү. Биринчи этапта** (2013-15-окуу жылдары) аныктоочу эксперимент жүргүзүлүп, изилдөө ишибизге жараша студенттердин этнопедагогикалык түшүнүктөрү, билимдери жана турмуштук көндүмдөрү иликтөөгө алынды. Изилдөөбүздүн аппараты аныкталды. Ага ылайык илимий-теориялык, методикалык эмгектер үйрөнүлдү, жалпылаштырылды, изилдөөнүн баштапкы божомолу иштелип чыкты, кийинки эксперименттик иштердин планы, максат-мазмундары аныкталып, такталды.

**Экинчи этапта** (2015-17-окуу жылдары) изденүүчү эксперимент жүргүзүлүп, студенттин этнопедагогикалык билимин баалоонун көрсөткүчү аныкталды. Келип чыккан проблемаларды чечүү үчүн илимий-педагогикалык, методикалык адабияттар тереңдетилип үйрөнүлдү; студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүнүн багыттары аныкталды, компетенттүүлүктөрдү калыптандыруунун жолдору, методдору, приниптери иштелип чыкты; атайын система түзүлүп, ага жараша иштөөнүн жолдору аныкталып, такталды. Алар сыноого коюлду.

**Үчүнчү этапта** (2017-19-окуу жылдары) сунушталган ыкмалар боюнча окутуу экспериментине өттүк. Мында биз сунуш кылган ыкмалардын туура экендигин байкадык. Алынган оң натыйжаларды талдап, корутунду чыгардык. Изилдөөнүн натыйжалары талданып, диссертациянын толук текстти иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн түзүлүшү:** Изилдөө киришүүдөн, 3 баптан жана 9 параграфтан, корутунду, илимий-методикалык сунуштардан, тиркемелерден жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Иштин жалпы көлөмү

215 бет, пайдаланылган адабияттардын тизмеси 188, таблицалар 14.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**“Кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык мазмуну, маани-маңызы жана анын ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде окуп-үйрөнүүнүн абалы”** деп аталган биринчи бабында кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык маани-маңызы, анын изилденишинин жана ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде окуп-үйрөнүлүшүнүн абалы, кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенциялар, алардын дидактикалык мүнөздөмөсү жана таалим-тарбиялык функциялары тууралуу кеп болду, т.а. балдар фольклорунун этнопедагогикалык маани-маңызы, анын изилденишинин абалы, ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде окуп-үйрөнүлүшүнүн абалы жана студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенциялар, алардын мүнөздөмөсү, ж.б. каралды.

Тарбия берүү жаатындагы коомдун талабынан улам элдик педагогиканын принциптерин, улуттун салттык мурастарын, фольклорун илимий педагогиканы өркүндөтүүдө пайдалануунун зарылчылыгы келип чыкты. Баланы гармониялуу, комплекстүү, жөндөмдүү тарбиялап өстүрүү тууралуу сындагы элдик идеялар илимий педагогиканын жоболоруна да дал келет. Жаш муундарды ошол элдик идеялардын негизинде тарбиялоо максатында кыргыз элинин педагог окумуштуулары И.Б.Бекбоев, М.Р.Рахимова, Н.Имаева, Н.Асипова, Э.Мамбетакунов жана башкалардын айткан илимий-методикалык жоболорун баса белгилеп кетүүгө болот.

Учурда Балдар фольклорундагы этнопедагогикалык маселелер окуу программаларында кандай абалда окуп үйрөтүлүп жаткандыгын анализге алып көрөлү. Филологиялык адистиктерде атайын "Элдик оозеки чыгармачылык" деген дисциплина окулуп өтүлөт. Жалпы сааты 70, анын ичинен лекцияга 20 саат, прктикалык сабакка 12саат, СӨАИтерге 28 саат бөлүнгөн. Ал эми 1991-жылы түзгөн М.Түлөгабыловдун "Кыргыз балдар адабиятынын программасында" өтүлүүчү жалпы дисциплинага 60 саат берилип, анын 32 сааты лекцияга, 28 сааты практикалык сабакка, студенттердин өз алдынча ишине 60 саат берилген. Ошонун ичинен балдар фольклоруна 8 саат бөлүнгөн. Ал эми 8 саат окуу планынын улам жаңы стандарттарына ылайыкталып отуруп 4 саатка түшкөн, акыркы стандарттык окуу планына карап ал 2 сааты түзүп калган. 2015-жылы п.и.д.,проф. А.Ж.Муратов жана К.А.Исаковдор түзгөн программа менен 7-семестрде 56 саат, анын ичинен аудиториялык-30 саат, лекция 18 саат, практикалык -12 саат, СӨАИтерге-26 саат менен өтүлөт. Ал эми педагогикалык факультеттерде абал мындан да начар. Анткени жалпы фольклордук адабиятка 17 саат бөлүнүп, лекцияга 6 саат, практикалык саатка 3 саат, өз

алдын иштерге 8 саат бөлүнүп, улам окуу процесси кредиттик бакалаврга өткөн сайын окуу пландары кыскарып фольклордун этнопедагогикалык мааниси өз ордун таппай бара жаткандыгын ачык айтууга туура келет.

Кыргыз балдар адабиятынын теориясы жана тарыхы адабиятчылар: К.Абакиров, В.Вакуленко, О.Сооронов, С.Рысбаев, Г.Орозова, А.Т.Сатарова, А.Муратов жана К.Исаковдор тарабынан изилденгени менен, этнопедагогикалык өңүттөн караганда жетишсиз.

Диссертацияда жалпысынан кыргыз балдар адабиятындагы балдар фольклору учур талабына ылайык анчалык иликтөөгө алынбагандыгы, жанрларга, темаларга, этнопедагогикалык мазмунда изилдөө иштеринин аздыгы, жалпы типологиялык анализдердин жүргүзүлбөгөндүгү белгиленди. Ал эми ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде болочок педагогдор үчүн жаңы программалар түзүлүп, бирок этнопедагогикалык мазмундагы окуу китептеринин, усулдук колдонмолордун жоктугу, анын окуу процессине терс таасири ушул бапта көрсөтүлдү. Кыргыз балдар адабиятынын окутуу тармагында Т.Н.Каранова (2012), Н.Э.Абдраева (2016) кандидаттык диссертацияларын коргогон. Мезгил талабына ылайык ЖОЖдордон кыргыз фольклорун окутууда студенттер билим билгичтиктерин мамлекеттик стандарттын талабына ылайык жүргүзүүдө. Студенттер ээ болуучу компетенциялар, алардын дидактикалык мүнөздөмөсү жана таалим-тарбиялык функцияларын жолго коюу актуалдуу маселелерден болууда.

**Экинчи бап "Кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттерде этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору"** деп аталуу менен изилдөөнүн материалдары жана методдору, эксперименттик материалдардын мазмуну, критерийлери, эксперименттик методдун уюштурулушу, анын жүрүшү жана жыйынтыктары кирди:

1. Изилдөөнүн материалдары жана методдору;
2. Эксперименттик материалдардын мазмуну, эксперименттик методдун уюштурулушу.

Кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча илимий изилдөө ишинин максатын жана аны ишке ашырууга карата коюлган милдеттерди ачык, так жана натыйжалуу ишке ашыруу үчүн **изилдөөнүн обьектиси жана предмети** төмөнкүдөй аныкталды:

**Изилдөөнүн объекти** - жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультеттеринде улуттук балдар фольклорун окутуп-үйрөтүү процесси болгондуктан буга байланышкан илимий-теориялык, илимий-методикалык адабияттарды окуп-үйрөнүү, байкоо, талдоо, салыштыруу, анализ жасоо, синтездөө, алдыңкы иш тажрыйбаларды жалпылаштыруу жана педагогикалык экспе-

римент методдорунун жардамы аркасында илимий-изилдөө ишке ашырылды.

**Изилдөөнүн предмети** - жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультеттеринде улуттук балдар фольклорун окутуп-үйрөтүү аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу болгондуктан кыргыз балдар фольклорун окутуу менен студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык проблемалары илимий изилдөөнүн негизги материалдары болуп саналат.

Илимий ишибизди жүргүзүүдө төмөндөгүдөй жалпы методологияга таяндык. Алар: Кыргыз элинин байыртадан бери колдонуп келген тарыхый тарбия тажрыйбасы жана таалим тарбия идеялары, элдик тарбиянын түрлөрү, методдору, принциптери, каада-салттары, нарктуу билимдери болуп саналат. Бул идеялар изилдөөбүздүн мазмунун, методдорун жана каражаттарын аныктоодо пайдаланылды.

Изилдөөбүздүн жүрүшүндө төмөнкүдөй методдорду колдондук.

*Жалпы дидактикалык методдордон:* түшүндүрмө-иллюстративдик методдор; репродуктивдүү (кайра кайталап айтып берүү) методдор; проблемалуу баяндоо методу; жарым жартылай изденүүчү, эвристикалык методдор; изилдеп үйрөтүү методдор. Ал эми *окуп-үйрөнүү методдору катары оозеки аткаруу методдоруна:* лекция, айтып берүү жана аңгемелешүү, ал эми көрсөтмөлүүлүк методу: иллюстрациялоо, кол менен жана техкаражаттар менен көрсөтүүчү методдор.

Практикалык методдорго лабораториялык-практикалык методдордун тобу, студенттердин өз алдынчалуу иштери, адабияттар, маалыматтык таяныч материалдар менен иштөө, өз алдынча жазуу иштери колдонулду.

Методдорду тандоодо: окуу мариалдарын анализдөө, синтездөөгө байланышкан, репродуктивдүү жана таанып билүүдөгү ишмердик мамиле, изденүүчү мүнөздөгү иштер аткарылды. Мында окуу-таануу иштеринин ишмердикке багытталган мүнөз, окуу ишине кызыгуу, текшерүү жана өзүн-өзү текшерүү ишке ашырылды.

Оозеки текшерүү иштеринде фронталдуу суроолор, жеке суроолор компьютердик текшерүү ж.б. ишке пайдаланылды. Ал эми жазуу жүзүндө текшерүү учурунда жазуу тесттик иштери, дилбаян, эсселерди жазуу ж.б. иштелип чыкты.

Өзүн-өзү текшерүү иштеринде-монологдорду айтуу, жазган иштерин оозеки баяндап берүү, диспуттарга катышуу, конференцияда доклад менен чыгуу, викторинада жооп берүү ж.б. ишке ашырылды.

Студенттердин этнопедагогикалык түшүнүктөрүн калыптандырууда колдонулган методдор менен иштин формаларынын жалпы системасын жана критерийлерин, алгач, өзүбүз үчүн түзүп алдык жана ошол системанын негизинде иш алып бардык.

Изилдөө мезгилинде бир катар жогорку окуу жайларында окутуучулар менен биргеликте иш жүргүзүп, изилдөөнүн байкоо методун пайдалануунун натыйжасында мына булар аныкталды:

- жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультеттеринде улуттук балдар фольклорун окутуп-үйрөтүүнүн азыркы учурдагы ал-абалы;
- жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультеттеринде улуттук балдар фольклорун окутуп-үйрөтүүгө арналган жумушчу окуу программасы, типтүү окуу программалары менен окуу-методикалык комплекстердин ал-абалы;
- жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультеттеринде улуттук балдар фольклорун окутуп-үйрөтүүдө окутуучулардын кесиптик даярдыктары;
- студенттердин балдар фольклору боюнча окуу материалдарын өздөштүрүү деңгээлдери;
- кыргыз балдар фольклору боюнча окуу материалдарын кабыл алуудагы студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүнүн калыптанышы.

Изилдөөгө тартылган жогорку окуу жайларында окутуучулар менен биргеликте иш жүргүзүп, **изилдөөнүн жалпылоо жана салыштыруу методдорун** пайдалануунун натыйжасында мына булар аныкталды:

- изилдөөгө байланышкан бардык илимий-теориялык жана илимий-методикалык адабияттар жалпылаштырылды;
- кыргыз балдар фольклорун окутуу жаатындагы тандалып алынган жогорку окуу жайларындагы окутуучулардын иш тажрыйбалары топтолду.

Изилдөөгө тартылган жогорку окуу жайларында окутуучулар менен биргеликте иш жүргүзүп, **изилдөөнүн талдоо методун** пайдалануунун натыйжасында мына булар аныкталды:

- изилдөөгө байланышкан бардык илимий-теориялык жана илимий-методикалык адабияттар талдоого алынды;
- балдар фольклору боюнча жогорку окуу жайларындагы окуу-нормативдик документтер каралып, алардагы студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу мүмкүнчүлүктөр талданып чыкты;
- балдар фольклору боюнча жогорку окуу жайларындагы окутуучулардын иш тажрыйбалары талдоого алынды.

Балдар фольклору боюнча окуу материалдарын кабыл алуудагы студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүгүн текшерүү, тактап айтканда, “балдар фольклору”, “элдик чыгармачылык”, “этнопедагогика” деген түшүнүктөрдүн тегерегиндеги студенттердин билим, ыкма, билгичтиктерин алдын-ала аныктоо максатында **текшерүү жана талдоо**

**методдоруна** таянуу менен анкеталык сурамжылоолорду жана тесттик тапшырмалардын комплексин иштеп чыктык жана сыноодон өткөрдүк.

**Текшерүү, талдоо методу аркылуу жүргүзүлгөн сурамжылоого** БатМУдан 63 студент, ОшМУдан 55 студент, ЖАМУдан 52 студент, ОшМПИден 49 студент катышышты. Студенттердин кызыгуулары, фольклордук чыгармалардын тематикалык, тек жана жанрдык өзгөчөлүктөрү боюнча өз-өзүнчө анкеталык суроолор аркылуу аныкталды.

**Таблица 2.1. Педагогикалык эксперимент методунун максаты, милдети жана натыйжаларытөмөндөгү таблицада берилди**

| | |
|---|---|
| Эксперименттин максаты | Кыргыз балдар фольклору боюнча студенттердин билгичтиктери аныкталды жана этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга багытталган окутуунун жолдору, ыкмалары, формалары практикада сыноодон өткөрүлдү |
| Эксперименттин милдети | Эксперименттик иштерди жүргүзүүнүн негизин аныктоо менен аны ишке ашыруунун жолдору, максаттары жана милдеттери такталды. Педагогикалык байкоо жүргүзүлдү. Алдыңкы эмгектерди, иш тажрыйбаларды үйрөнүү, изилдөө, талдоо, ишке ашырылды. |
| Эксперименттеги изилдөөнүн натыйжалары | Кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча окутуунун теориялык жана практикалык маселелеринин бүгүнкү абалы, студенттердин билими, өздөштүрүү деңгээлдери, кызыгуулары, мүмкүнчүлүктөрү аныкталды. |

Эксперименттик метод аркылуу ар бир окуу жайдын студенттери менен этнопедагогикалык багыттагы суроо-тапшырмалар, анкеталык сурамжылоолор, көнүгүү, машыгуулар, практикалык иштер аткартылды жана балдар фольклорундагы этнопедагогикалык мазмуну боюнча билимдерин, б. а. компетенциясын реалдуу баалоону төмөнкү таблицада (2.2.-таблицаны караңыз.) көрсөтүлгөн баллдык системасыны колдонуу менен ишке ашырдык.

**Таблица 2.2.Студенттин этнопедагогикалык билимин баалоонун көрсөткүчтөрү**

| **Баасы** | **Студенттин этнопедагогикалык билимин аныктоочу негизги көрсөткүчтөр** | **Окуган деңгээли (баллы жана өздөштүрүү деңгээли)** | |
|---|---|---|---|
| | | **Баллы** | **Деңгээли** |
| **“2”** | Элдик билимдер, тарбиялар боюнча сабакка даярдыксыз келсе; | 5 тен 10 баллга чей. | Фольк. маалыматты айырмалап түшүнөт |
| **“ 3”** | Жомоктор, макалдар, накыл сөздөрдү билет, бирок маанисин түшүндүрүп бере албаса (механикалык түрдө эстесе); | 16дан 32баллга чейин | Укканын аңдаштырбай эске тутуу |
| **“3”** | Элдик тарбиянын предметин аныктай албаса; элдик билимдер боюнча көз карашын далилдей албаса | 16дан 32 баллга чейин | Теориялык түшүнүү |
| **“4”** | Өзүнүн жеке көз карашын айта алса, илимий-практикалык жактан жеке чыгармачылык ишмердүүлүгүн ачып | 33 төн 55 баллга Чейин | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | бере албаса; | | |
| **“4”** | Теориялык жактан так жана жет-киликтүү айтып бере алса, бирок теория менен практиканы байланыштыра албаса; | 56 дан 65 баллга чейин | элементардык көндүмдөргө ээ болсо (репродуктивдүү деңгээлде) |
| **“4”** | Теориялык жактан түшүнсө, адабий тер-миндердин маанисин айырмалап билсе, бирок өз алдынча иштер аркылуу далилдөөгө аракеттенбесе; | 66 дан 70 баллга чейин | Теориялык билимди трансформациялоо (чыгармачыл деңгээл) |
| **“5”** | Балдар фольклорунун мазмунундагы элдик билимдерди практикалык иште көрсөтө алса, улуттук баалуулуктарды, элдик идеяларды, каада-салттарды, үрп-адаттарды колдонууну белгилүү деңгээлде билсе. | 71 тенн 88 баллга чейин | Инсандык сапаттардын толук калыптанышы |
| **“5”** | Этнопедагогикалык билимдерди практикада колдонсо; эне тилин, каада-салт, үрп-адаттарды, улуттук кийим, буюм, оюндар, оймолорду колдонсо; коомчулукта коомдук пикир түзө алса. | 88 ан 95 баллга чейин | Этнопедагогикалык компетенттүүлүктүн калыптанышы. |

Жалпы проблемалар аныкталгандан кийин биз эксперименталдык (тажрыйбалык) тайпаларга өзүбүз иштеп чыккан методикалык ыкмаларды, суроолор жана тапшырмаларды сунуш кылдык. Мисалы:

**1.** *Жаштарды тарбиялоо багытын аркалаган эрежелер?*

**а) Элдик педагогикалык салттар.** б) Элдик өнөрлөр.

в) Элдик акылмандар. г) Элдик оозеки чыгармалар.

**2.** *Элдик педагогикадагы идеялар жана табылгалар кимге таандык?*

а) Манас баатырга таандак. б) **Эл массасына таандык.**

в) Ч.Айтматовго таандык. г) А.Алимбековго таандык.

**3.** *Салт-санааларда, элдик оозеки чыгармаларда кыргыз элинин кандай ой-толгоолору орун алып келген?*

**а) Элдик педагогикалык ой толгоолор.**

б) Улукман эненин педагогикалык ой толгоолору.

**в**) Ата бабалардын педагогикалык ой толгоолору.

**4.** *Элдик педагогиканын булактары?*

а) “Манас” эпосунун варианттары.

**б) Уламыш, болмуш, жомоктор, элдик ырлар, эпостор,колдонмо жасалга өнөрү, таштагы жазуулар, акындар чыгармачылыгы, санжыралар.**

в) Төкмө акындардын чыгармалары. г) Этнопедагогикалык изилдөөлөр.

Элдик накыл кептердеги этнопедагогикалык түшүнүктөрдү студенттер-дин билүү деңгээлин текшерүү иштери өткөрүлдү. Мисалы: *Ата-энеңдин астын бөгөп, жолун тоспо. Бут кийимди төргө чыгарба.Бүрдөп турган бакты кыркпа. Улуу адамды кагып-силкпе.Аксакал карынын жолун кыя*

*өтпө. Бала жатпаган кур бешикти терметпе.Бала жаткан бешикти айланып чуркаба. Балапанды өлтүрбө.ж.б.у.с.*

Элибиздин ичинде не бир укмуш усулдуу акылмандардын касиетинен боз үй жаралгандай эле, бешик да жаралса керек. Бешиктин баланы өстүрүүдөгү орду, өтө ыңгайлуу түзүлүшү жерден жогору болуп, ар кандай аба ырайына карабай бала үчүн жылуу жумшак жатканга оңтойлуу. Бешикке салуу салтына байланышкан иш-чара тууралуу жана ал аркылуу калыптануучу компетенциялар жөнүндө сөз кылалы:

**Сабактын темасы: Бешик ыры (2-курс. БатМУ).**

**Сабактын максаты:** Элдик ырлар жана салттар аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн жогорулатуу, өтүлгөн материалды кийин мектепте пайдаланууга үйрөтүү.

**Сабактын формасы:** сабак-сахна.

**Сабакта пайдаланылган каражаттар:** бешик, бешиктин жабуулары, чүкө, сары май.

**Сабактын жүрүшү:**

**Алып баруучу:** Кыргыз салттарынын ичинен баланын өмүрүндөгү жентектен кийинки салт, той-бешик тойу, бешикке салуу. Бешикти арчадан, талдан, теректен жасайт. Бешик сатып алганда бешикчи уста менен баалашпайт, сураган акчасын берип алып кетет.

**Студенттерге суроо:** Бешиктин буюмдары, ороо-чулгоолору кайсылар?

**Жооп:** бир күлтүк, эки олпок, төрт жаздык, чарчы ороосу, капчыгы, шимеги, бортко.

**Студенттерге суроо:** Бешикти кайсыл тарап, кандайча кылып жасаган?

**Жооп:** Бешикти төрөгөн келиндин төркүнү тарап, таятасы, таенеси жасап келген, алар жок болсо ошолордун ордун баса тургандар жасаган.

**Студенттерге суроо:** Эмне үчүн? (Бул суроо талаш-тартыш жаратат)

3-студент: Бешиктин жабууларынын билебиз, кыздардыкы кызыл-тазыл болуп өзгөчө шөкөттөлгөн.

Этнопедагогикалык компетенттүүлүктүн мазмуну катары жогоруда аталган фольклордук материалдардагы элдик идеялардын топтому системалуу түрдө ачылган. Натыйжада төмөндөгүдөй багытта этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр калыптангандыгын айта алабыз.


Жогорудагы элдик билимдер аркылуу студенттердин когнитивдик (таанымдык) - лингвоэтномаданий компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу жаатында аларды оозеки айттыруу, ролдоштуруп аткарттыруу, алар боюнча студенттер менен баарлашуу, талкуулоо, турмушунда аларды колдонууга багыттоо ыкмалары жана методдору педагогикалык эксперимент методу аркылуу сыноодон өткөрүлдү жана тиешелүү натыйжаларга ээ боло алдык. Ал критерийлер диссертацияда берилди.

**Таблица 2.3. Сабакта калыптандыруучу компетенттүүлүктөр жана окутуунун натыйжалары:**

| Компетенциялардын коддору жана формулировкасы | НКББПда көрсөтүлгөн ОНжана формулировкасы | Дисциплина-нын ОН жана формулировкасы | Теманы ОН жана формулировкасы |
|---|---|---|---|
| **ЖК-13.** Өзүнүн оозеки жана жазуу кебин мамлекеттик жана расмий тилде логикалык так, түшүнүктүү кура билүү жөндөмдүүлүгү.<br>**ЖК-15.** Коомдо кабыл алынган адеп-ахлактык жана укуктук ченемдердин негизинде социалдык өз ара карым-катышка жөндөмдүүлүк, адамдарды сыйлай билүү, башка маданиятка толеранттуулук, өнөктөштүк мамилелерди колдой билүү<br>**1.Маалыматтык компетенттүүлүк**<br>1.1.Балдар фольклорундагы элдик билим жана түшүнүктөрдүн деңгээлин шарттайт.<br>**2. Социалдык компетенттүүлүк**<br>1.1. Элдик ырларды этнопедаго-гикалык жактан өздөштүрүүгө жөндөмдүүлүк, искусствонун башка түрлөрүнүн катарында фольклордун өзгөчөлүгүн түшүнүү;<br>1.3. Элдик ырлардын идеялык-тарбиялык маанисин талдай билүү;<br>1.4. Элдик ырларды оозеки жана жазуу түрүндө билүү;<br>**2.Таанып-билүү жана баалуулук компетенттүүлүк**<br>2.1.Бешик ырларында чагылдырган адеп-ахлактык баалуулуктарды жана дүйнө таанымдык категорияларды түшүнүү. | **Окутуунун натыйжасы 2**-Элдик ырлардагы социалдык-эконом. жана маданий баалуулуктарды талдоого жана баалоого жөндөмдүү болушат, накыл кептер боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүшөт, өздөрүнүн оюн мамлекеттик жана официалдуу тилде так жана аргументтүү айта алышат, чет тилдерин өздөштүрүшөт.<br>**Натыйжа (1-3)**<br>Балдар фольклорундагы ар бир чыгарманы өздөштүрүүгө жөндөмдүүлүк, фольклордогу чагылдырылган адеп-ахлактык баалуулуктарды түшүнүү, өз элинин маданиятына жана башка улуттун маданиятына болгон сыйлоо жана ар түрдүү типтеги жазуу иштерин жазуу | **Дисциплинанын окутуунун натыйжасы ОН 2) –** Өздөрүнүн оюн мамлекеттик тилде так жана аргументтүү айта алышат.<br>**Дисциплинаны окутуунун натыйжасы (ОН 1-3) –** Балдар фольклорундагы чыгар-маларды өз-дөштүрүүгө жөндөмдүүлүк, балдар фольклору чагылдырган адеп-ахлактык баалуулуктарды түшүнүү жана ар түрдүү типтеги жазуу иштерин жазуу | -Балдар фольклорундагы боюнча алган билимдери тереңдейт<br>-Элдик ырлардын идеялык-тарбиялык маанисин талдашат.<br>-Кыргыз элинин үрп-адаты, каада салты. ырым-жырымдары тууралуу маалымат алышат.<br>-Студенттер этикалык, моралдык жүрүм-турумдун тазалагына тарбияланышат.<br>-Сабырдуулукка үйрөнөт, каада-салтты урматтай билет.<br>-Кечиримдүүлүккө, гумандуулукка, руханий терендикке тарбияланышат.<br>-Студенттердин ой жүгүртүүсү, дүйнө таанымы өсөт.<br>-Өз алдынча иштөө жөндөмдүүлүгү калыптанат.<br>-Чыгармачылык жөндөмдүүлүгү өнүгөт. |

## 2.4. Педагогикалык эксперименттин акыркы жыйынтыктоочу-текшерүү этабындагы ЖОЖдордун студенттеринин билим деңгээлдери

| Баткен Мамлекеттик университети | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Текшерүүчү жана эксперименттик топтор | Элдик ырлар | Элдик табыш-мактар | Элдик жаңыл-мачтар | Элдик макал лакаптар | Элдик жомоктор |
| Текшерүүчү топ | 43% | 32% | 24% | 45% | 47% |
| Эксперименттик топ | 75% | 53% | 42% | 86% | 87% |
| **Ош Мамлекеттик университети** | | | | | |
| Текшерүүчү жана эксперименттик топтор | Элдик ырлар | Элдик табыш-мактар | Элдик жаңыл-мачтар | Элдик макал лакаптар | Элдик жомоктор |
| Текшерүүчү топ | 44% | 32% | 29% | 47% | 49% |
| Эксперименттик топ | 65% | 55% | 47% | 84% | 86% |
| **Жалал-Абад Мамлекеттик университети** | | | | | |
| Текшерүүчү жана эксперименттик топтор | Элдик ырлар | Элдик табыш-мактар | Элдик жаңыл-мачтар | Элдик макал лакаптар | Элдик жомоктор |
| Текшерүүчү топ | 42% | 39% | 38% | 49% | 51% |
| Эксперименттик топ | 66% | 57% | 59% | 85% | 89% |
| **Ош Мамлекеттик педагогикалык университети** | | | | | |
| Текшерүүчү жана эксперименттик топтор | Элдик ырлар | Элдик табыш-мактар | Элдик жаңыл-мачтар | Элдик макал лакаптар | Элдик жомоктор |
| Текшерүүчү топ | 39% | 38% | 37% | 44% | 51% |
| Эксперименттик топ | 61% | 59% | 55% | 83% | 85% |




Экспериментке жалпысынан БатМУнун, ОшМУнун, ЖАМУнун, ОшМПИнин педагогика жана БББУ адистигинин 2-курсунун студенттеринен 219 студент катышып, аталган окуу жайларында билим алып жаткан студенттердин элдик педагогика жаатындагы билим деңгээлдери жагынан, албетте, эки топту салыштырып карап келгенде

айырмачылыктар байкалды.

Жогоруда таблицада көрсөтүлгөндөй, текшерүүчү топко караганда эксприменттик топтогу студенттердин билим деңгээлдери бир кыйла алдыга озуп чыкты. Демек, биз тараптан коюлган окутуунун ыкмалары, формалары жана методдорунун алгылыктуу экендиги, артыкчылыктуу жактары практикалык жактан тастыкталды жана андан ары окутууга жайылтууга зарылдыгы аныкталды.

**Үчүнчү бап “ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун формалары жана методдору”** деп аталды. Мында студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун формалары менен методдору, балдар ырлары, калптар, табышмактар, жаңылмачтар, элдик жомоктор, уламыштар аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр жөнүндө каралды. Андыктан болочокто мектептерде адабий билим жана тарбия берүүчү мугалимдер, азыркы ЖОЖдун студенттери «Кыргыз балдар адабияты» дисциплинасы курсунда окуу стандартына ылайык этнопедагогикалык, этнопсихологиялык, этикалык, философиялык аспектиден билимдерди өздөштүрүүгө тийиш.

Ал эми этнопедагогикалык компетенттүүлүк - бул тарыхый эс тутуму, инсандык нарк-нускасы жетик, өз улутунун руханий дөөлөттөрүнө сыйчыл мамилеси, аны өздөштүрүү жөндөмдүүлүгү жогору, өзүнүн өткөн менен келечекти туташтырып туруучу көпүрө катары даярдоого карата сезим-туюмдары жана реалдуу иш-аракеттери менен айырмаланган инсандарды тарбиялоо жаатындагы мугалим үчүн зарыл билим, билгичтик жана көндүмдөрдүн тутуму десек туура болчудай. Тактап айтканда, студенттердин этномаданият чөйрөсүндөгү көп кырдуу көрсөткүчтөрүнүн ичинен төмөндөгүлөрдү өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө болот: Когнитивдик (таанымдык) компонент; көз караштык дөөлөттүк компонент; жүрүм-турумдук компонент. Демек, студенттердин этнопедагогикалык даярдыгы - бир тараптан инсандын этномаданий нарк-дөөлөттөрүн калыптандырууга багытталса, экинчи жактан чыныгы элдик мугалимдин турмуш образынын мүнөздөмөсүнө багытталуусу зарыл. Ошондуктан, буга чейинки тажрыйбабызга таянып, балдар адабиятындагы фольклордук чыгармалар аркылуу студенттердин этнопедагогикалык түшүнүктөрүн калыптандыруунун системасын түздүк.

Системанын мазмуну, түзүлүшү жана комоненттери төмөндөгүлөрдөн турат: *биринчиси,* балдар адабиятындагы фольклордук чыгармалардын мазмуну, экинчиси, ал чыгармаларды окутуунун формалары, *үчүнчүсү*, этномаданий түшүнүктөрүн калыптандыруунун методдору, *төртүнчүсү,* этномаданий билимдерин өнүктүрүүнүн каражаттары. Булардын баарынын ортосунда студент турат. Анткени, студент - тарбиянын борборунда болуу менен, тарбиянын предмети бала-экендигинин далили - дегенди түшүндүрүп турат деген ойдобуз. Студенттердин этнопедагогикалык түшүнүктөрүн

калыптандыруунун бул системасын иштеп чыгуу процессинде, этномаданий таалим-тарбияга негиз болгон фольклордук чыгармалардын мазмунундагы этнопедагогикалык компетенциялар менен, аны жүзөгө ашыруу үчүн интерактивдүү методдор жана усулдук иштелмелердин, дидактикалык адабияттардын, тарбиялык сааттардын, дидактикалык материалдардын, сүрөттөрдүн өз ара эриш-аркак биримдигин камсыз кылышыбыз керек. Студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүгүн калыптандырууда компетенциялардын өзөгүндө миңдеген муундардын акыл дарамети аркылуу нечен ирет алымчаланып-кошумчаланып, асылдандырылып, нечен кылымдык сыноолордон өтүп олтуруп азыркы абалга жеткен түптүү элдик гуманисттик идеялар жатышы зарыл. Ошондуктан элибиздин бүт күч-аракети жаш муундарыбыздын “адам болуусуна” жетишүүгө багытталган. Эмесе, ошол идеалдуу адамды тарбиялоого ылайык жакшы сапаттарды же этнопедагогикалык компетенттүүлүктүн критерийлерин жазып чыгабыз. Алсак: улуттук тилдин нарктуулугун сактай билүүчү; каада-салттарды, үрп-адаттарды өнүктүрүүчү; улуттук кийимдерди барктоочу; кол өнөрчүлүктү, маданий мурастарды сактай билүүчү; салттуу, нарктуу, меймандос, эр жүрөк, мекенчил, намыскөй, кайраттуу, жаратман, боордош, максаттуу, гумандуу, ынтымактуу, нускалуу. ж.б.у.с. Ошону менен бирге, мындай компетенттүүлүккө жетүүнүн форма-методдору тууралуу кеңири сөз болду.

Бул жерде айрыкча айрыкча балдар фольклорунун жанрларына көңүл бөлүндү. Мисалы: Ырлар**:** бешик ырлары, теребел ырлары, эмгек ырлары, насаат ырлары, жаңылмач, табышмак, макал-лакаптар, жомок, уламыш, тамсил ж.б.

ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун ар кыл формалары тынымсыз түрдө системалуу жүргүзүлүп туруучу окутуу процессинин бир тутуму болуп саналат. Анын ичинде лабораториялык-практикалык иштерди өткөрүүдө мына бул иш-аракеттер системалуу түрдө эске алынган: практикалык иштин темасын тандоо; алдыга коюлуучу максатты тактоо; чечилүүчү милдеттерди тактоо; студенттер ээ болуучу билим, билгичтик, машыккандык т.а. студенттер ээ болуучу компетенциялар; практикалык багытта аткарылуучу тапшырмалардын топтому; студенттердин практика жүзүндө ээ болуучу компетенцияларын баалоо критерийлери; жыйынтык чыгаруу ж.б.

Диссертацияда ал иш-чаралардын өтүшүн, максат-милдеттерин, натыйжаларын, студенттердин түшүнүк деңгээлдерин, натыйжада алар ээ болгон компетенттүүлүктөр тууралуу кеңири камтылды.

## Жалпы жыйынтыктар жана практикалык сунуштар

**Иштин биринчи бабында** кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык мазмуну, андагы этнопедагогикалык билимдер жана алардын азыркы шарттагы маани-маңызы тастыкталып, кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык маани-маңызынын изилденишинин жана ЖОЖдордун

педагогикалык факультеттеринде окуп-үйрөнүлүшүнүн абалы иликтенди.

*Биринчиден,* адабий-теориялык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүдө элдик фольклордун бардык жанрлары башкача айтканда дидактикалык, лирикалык, эпикалык жанрлары боюнча теориялык терең билимдерге ээ кылуубуз керек. *Экинчиден,* студенттер окуган жанрлардагы чыгармалар боюнча рухий-эстетикалык, идеялык коммуникативдүүлүккө ээ кылуубуз керек. Ал үчүн адегенде аларга ал чыгармалардын идеялык-тематикалык табиятын, чыгарманын идеялык-эстетикалык, мазмундук өзгөчөлүгүн ачууга негиз болгон андагы образдар системасынын руханий табиятын билдирүү керек. *Үчүнчүдөн,* ошол образдардын ички мүнөздүк дасмиясы аркылуу элибиздин ички жан дүйнөсүндөгү философиялык көз карашын, улуттук психологиясын, нравалык идеялардын, улутубузга тиешелүү менталитетин билүүгө үйрөтүү зарыл. *Төртүнчүдөн,* аталган жанрдагы чыгармалардын ички мазмунундагы образдар аркылуу, алардын мүнөзүндөгү он жана терс касиеттерин талдап, анализдеп, алардын мүнөздөрүнөн этнопедагогикалык тарбиялык көрөңгөнү өздүк жан дүйнөлөрүнө сиңирип, калыптандырууга үйрөтүүнү көбүнчө практикалык сабактардар ишке ашыруу эффективдүү натыйжа берет. Мунун өзү – студенттердин билиминин окуу стандарттарынын негизинде, окуу програмамасындагы милдеттерди талапка ылайык жөндөмдүүлүктө ишке ашыруусу болуп эсептелет.

**Экинчи бапта** кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча илимий изилдөө ишинин максатын жана аны ишке ашырууга карата коюлган милдеттерди ачык, так жана натыйжалуу ишке ашыруу үчүн ***изилдөөнүн обьектиси жана предмети*** аныкталды. Ага ылайык, студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору чагылдырылды. *Жалпы дидактикалык методдор катары:* түшүндүрмө-иллюстративдик методдор; репродуктивдүү (кайра кайталап айтып берүү) методдор; проблемалуу баяндоо методу; жарым жартылай изденүүчү, эвристикалык методдор; изилдеп үйрөтүү методдору ж.б. *Окуп-үйрөнүү методдору катары оозеки аткаруу методдору:* лекция, айтып берүү жана аңгемелешүү. Ал эми *көрсөтмөлүүлүк методу*: иллюстрациялоо, кол менен жана техникалык каражаттар менен көрсөтүүчү методдор. Практикалык методдорго лабораториялык-практикалык методдордун тобу, студенттердин өз алдынча иштери, адабияттар, маалыматтык таяныч материалдар менен иштөө, өз алдынча жазуу иштери ж.б. Оозеки текшерүү иштеринде фронталдуу суроолор, жеке суроолор компьютердик текшерүү иштери ж.б. пайдаланылды. Ал эми жазуу жүзүндө текшерүү учурунда жазуу тесттик иштери, дилбаян-эсселерди жазуу ж.б. иштелип чыкты. Өзүн-өзү текшерүү

иштеринде-монологдорду айтуу, жазган иштерин оозеки баяндап берүү, диспуттарга катышуу, конференцияда доклад менен чыгуу, викторинада жооп берүү ж.б. ишке ашырылды.

*Педагогикалык экспериментте* төрт окуу жайынан – БатМУдан – 63 студент, ОшМУдан 55 студент, ЖАМУдан – 52 студент, ОшПИден – 49 студент - бардыгы 219 студент камтылды. Кыргыз элинин элдик ырларын, элдик табышмактарды, элдик жаңылмачтарды, элдик макал-лакаптарды, элдик накыл кептерди, элдик жомокторду жана алардагы алдыңкы идеяларды окутуп-үйрөтүү аркылуу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу багытындагы биз тараптан иштелип чыккан окутуунун ыкмаларын, формаларын, методдорун камтыган көнүгүү, машыгуулар, практикалык иштер экспериментке коюлуп, сыноодон өткөрүлүп, сурамжылоолор, анкеталык жумуштар, тесттик тапшырмалар, суроо-жооптор, интервью методдору менен ишке ашырылды.

Ал эми **үчүнчү бапта** студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун системасы, формалары катары: лабораториялык-практикалык иштерди өткөрүү; практикалык багытта аткарылуучу тапшырмалардын топтому; окуу викторинасын өткөрүү; окуу диспуттарды практикалоо; семинар, реферат, тезис, конспект; лекциялык, практикалык сабактардын иштелмелери ж.б.

Бул бапта элдик накыл кептер аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр жана аларды калыптандыруу багытында иликтөө иштери аткарылды.

Практикалык сунуштар:

1. Жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультеттериндеги балдар адабиятынын сааттарын көбөйтүү менен анын мазмунун этнопедагогикалык багытта байытуу;
2. Жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультеттерине кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу багытында атайын (адис) курстарды киргизүү;
3. Аталган курстун жумушчу окуу программасын, окуу-методикалык комплексин түзүү менен окуу куралдарын басып чыгаруу;
4. Кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу багытында илимий изилдөөлөрдү мындан ары да тереңдетүү.

**Изилдөөнүн негизги мазмуну төмөнкү эмгектерде чагылдырылган:**

1. Нажимидинова, А.Э., Рысбаев, С.К. Кыргыздын элдик тарбиясындагы педагогикалык салттар аркылуу студенттерди маданий-этикалык компетенттүүлүктөргө үйрөтүү идеялары [Текст] / А.Э.Нажимидинова, С.К.Рысбаев // КББА кабарлары. - 2014. - №3 -50-54-бб.

2. Нажимидинова, А.Э. Макал-лакаптар аркылуу мектеп окуучуларын адамгерчиликтүү жакшы сапаттарга тарбиялоонун ыкмалары [Текст] / Э.А.Нажимидинова // Известия вузов. -2014. -№3. -258-261-бб.

3. Нажимидинова, А.Э. Элдик тарбиянын инсанды ар тараптуу тарбиялоодогу мааниси [Текст] / А.Э.Нажимидинова // Известия вузов. -2014. -№ 7. -113-115-бб.

4. Нажимидинова, А.Э. Кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык мазмуну жана алардын азыркы шарттагы таалим-тарбиялык маани-маңызы [Текст] / А.Э.Нажимидинова // "Окуучуларды окутуу-тарбиялоодогу мугалимдердин ишмердиги – мамлекеттүүлүктү бекемдөөнүн зарыл шарты" аттуу XXV Республикалык педагогикалык окуулардын тандалган материалдары. –Б.: 2015, 8-9-декабрь. -109-112-бб.

5. Нажимидинова, А.Э. Элдик адабияттагы жомоктор аркылуу этнопедагогикалык компетенттүүлүктү өнүктүрүүдөгү иштердин формалары [Текст] / А.Э.Нажимидинова // Наука и новые технологии. -2014. №5 -216-219-бб.

6. Нажимидинова, А.Э. Компетенттүү мамиле жана педагогикалык адистин этнопедагогикалык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү жөнүндө [Текст] / А.Э.Нажимидинова // Известия вузов. -2015. -№ 2. -253-155-бб.

7. Нажимидинова, А.Э. Кыргыз элинин накыл кептери - жаштардын этнопедагогикалык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүчү каражаттардын бири [Текст] / А.Э.Нажимидинова // КББА кабарлары. -2015. -№ 2. -34-37-бб.

8. Нажимидинова, А.Э. Роль пословиц и поговорок в воспитании толерантности у подрастающего поколения [Текст] / А.Э.Нажимидинова // РФ, Воронеж ш., журнал Территория науки, РИНЦ, 2015. - № 6. - 55-60- бб.

9. Нажимидинова, А.Э. Кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун модели [Текст] / А.Э.Нажимидинова // КББА кабарлары. -2016. -№10. -291-295-бб.

10. Нажимидинова, А.Э. Сөз жөнүндө дастан китебиндеги акыл менен билимдин сырлары [Текст] / А.Э.Нажимидинова // Эл агартуу. -2016. - №9-10. -56-57-б.б.

11. Нажимидинова, А.Э. Кыргыз элинин адам тарбиялоодогу баалуу этнопедагогикасынын башаты-бешик ыры [Текст] / А.Э.Нажимидинова // И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы-№4. -2017. -111-113-б.б.

12. Нажимидинова, А.Э. Бешик ыры салттык тарбиянын башаты катары [Текст] / А.Э.Нажимидинова // VIII Республикалык илимий-практикалык симпозиумдун жыйнагы. -2017 . -203-207-б.б.

13. Нажимидинова, А.Э. Кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык мазмуну, андагы этнопедагогикалык билимдер жана алардын азыркы шарттагы маани-маңызы [Текст] / А.Э. Нажимидинова // IX Эл аралык илимий-практикалык симпозиумдун жыйнагы -Б.:-2018. -33-36-бб.

14. Нажимидинова, А.Э. Имя числительное в кыргызском, русском и китайском языках (сказках) [Текст] / А.Э.Нажимидинова, Б.А.Гайыпова, А.М.Токсоналиева, Р.М.Токсоналиева, Г.С.Мусурманова // АНО Институт научных коммуникации (СКОПС) -2018. - №2 . -787-797-бб.

15. Нажимидинова, А.Э. Кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык маани-маңызынын изилдениши жана ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде окуп үйрөнүлүшүнүн абалы [Текст] / А.Э.Нажимидинова // КББА кабарлары. -2020. - №2.-175-179-б.б.

16. Нажимидинова, А.Э. Мугалимдин этнопедагогикалык кмпетенттүүлүгүн калыптандырууда элдик ырлардын мааниси [Текст] / А.Э.Нажимидинова //ALATOO ACADEMIC STUDIES.-2021.-№1.-111-119-

**Нажимидинова Асылкан Элчиевнанын “ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери” аттуу темадагы** 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

## РЕЗЮМЕСИ


**Түйүндүү сөздөр:** балдар адабияты, улуттук балдар форльклору, этнопедагогика, этнопедагогикалык компетенция, этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр, этнопедагогикалык каражаттар, этномаданият.

**Изилдөөнүн объекти:** ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде улуттук балдар фольклорун окуп-үйрөнүү процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде улуттук балдар фольклорун окуп-үйрөнүү аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык проблемалары.

**Изилдөөнүн максаты:** ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде улуттук балдар фольклорун окуп-үйрөнүү аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздерин иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн методдору:** теориялык-методологиялык талдоо; нормативдик документтерди окуп үйрөнүү; байкоо, анкета, тестирлөө, аңгемелешүү, тажрыйбаларды үйрөнүү, анализ, педагогикалык эксперимент.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык маанилүүлүгү:** улуттук балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүнүн мүнөздөмөсү такталды; алар аркылуу этнопедагокалык компетенттүүлүктү калыптандыруунун мазмуну аныкталып, ал компетенттүүлүктөрдү калыптандыруунун формалары, методдору жана каражаттары такталып практикага киргизилди.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** Изилдөөнүн жыйынтыктары ЖОЖдорунун педагогикалык факультеттеринде улуттук балдар фольклорун окуп-үйрөнүүдө аны студенттердин этнопедагогикалык каражат катары изилдеп үйрөнүүсүнө туура багыт берүүдө, аны илимий-методикалык жактан туура уюштурууда, студенттерди даярдоодо колдонулат.

## РЕЗЮМЕ

диссертации Нажимидиновой Асылкан Элчиевны на тему: “**Научно-методические основы формирования этнопедагогической компетентности студентов посредством детского фольклора на педагогических факультетах вузов**”, написанной на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальностям**:** 13.00.02 – теория и методика преподавания и воспитания.

**Ключевые слова** - детская литература, национальный детский фольклор, этнопедагогика, этнопедагогические компетенции, этнопедагогические компетентности, этнопедагогические средства, этнокультура.

**Объект исследования** - процесс изучения национального детского фольклора на педагогических факультетах высших учебных заведений.

**Предмет исследования** - научно-методические проблемы формирования этнопедагогической компетентности студентов посредством изучения национального детского фольклора на педагогических факультетах высших учебных заведений.

**Цель исследования -** разработка научно-методических основ формирования этнопедагогической компетентности студентов посредством изучения национального детского фольклора на педагогических факультетах высших учебных заведений.

**Методы исследования** - теоретико-методологический анализ, изучение нормативных документов; наблюдение, анкетирование, тестирование, собеседование, интервью, изучение опыта, анализ, педагогический эксперимент.

**Научная новизна и теоретическая значимость исследования:**

-уточнена характеристика этнопедагогических компетентностей студентов посредством национального детского фольклора;

-определено содержание формирования этнопедагогической компетентности;

-уточнены формы, методы и средства формирования этнопедагогической компетентности студентов посредством изучения национального детского фольклора и внедрены в практику;

**Практическая значимость исследования**: Результаты исследования могут быть использованы при изучении национального детского фольклора на педагогических факультетах высших учебных заведений и для предоставления студентам правильного направления по изучению их как этнопедагогических средств, при правильной организации их с научно-методической точки зрения; при подготовке студентов.

**SUMMARY**

**of the thesis research by Nazhimidinova Asylkan Elchievna on the topic: "Scientific and methodological foundations for the formation of ethnopedagogical competence of students of pedagogical divisions of higher educational institutions through childhood folklore" prepared for a candidate degree in pedagogical sciences on specialty** 13.00.02: "Theory and methodology of teaching and upbringing".

**Key words:** childhood reading, national childhood folklore, ethnopedagogy, ethnopedagogical expertise, ethnopedagogical competence, ethnopedagogical means, ethnoculture, didactics, teacher, student.

**Object of research**: the processes of studying national childhood folklore in the pedagogical divisions of higher educational institutions.

**Subject of research**: scientific and pedagogical issues of the formation of ethnopedagogical competence of students through the study of national childhood folklore in the pedagogical divisions of higher educational institutions.

**The goal of research**: to develop a scientific and methodological foundation for the formation of ethnopedagogical competence of students through the study of national childhood folklore in the pedagogical divisions of higher educational institutions.

**Research methods:** theoretical and methodological analysis, a study of regulatory documents; observation, questioning, testing, discussion, interveiew, study of experience, analysis, pedagogical experiment.

**Scientific novelty and theoretical importance of the research:**

– the scientific definition of the essence of the student's ethnopedagogical competence formation through Kyrgyz national childhood folklore as well as of the didactic characteristics of ethnopedagogical competence;

– the clarification and characterization of the content of the ethnopedagogical competence formation according to the genres of Kyrgyz childhood folklore;

– the determination of the form, methods and means of the student's ethnopedagogical competence formation through the national childhood folklore and their introduction into practice.

**The practical significance of the research**: The results of the research will be applied:

– for the study of national childhood folklore in the pedagogical divisions of higher educational institutions and for informing students on studying them as ethnopedagogical means to be properly organized from a scientific and methodological point of view; within special training of preservice school teachers to provide them with the appropriate skills in the correct and high-quality ethnopedagogical teaching and education; in the pedagogical divisions of higher educational institutions within the study of Kyrgyz national literature by providing an emphasis on their ethnopedagogical significance for a correct understanding of its ethnopedagogical function, and in the

– preparation of special study guides.

Басууга кол коюлду 28.05.2021
Форматы 60×84/16. Офсет кагазы
Көлөмү 1,5 п.л., Нускасы 100 экз.

ЧП “Сарыбаев Т.Т.”
Бишкек ш., Раззакова к., 25
Тел.: +996 708 058 368